# Бишкек шаарындагы №42 жалпы орто билим берүүчү мектебинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча аткарылган иш пландарынын 1-жарым жылдык жыйынтык отчёту

2021-2022-окуу жылы  жылдагыдан өзгөчөлөнүп 15-сентябрда башталды. Окуу жылынын башталышы менен метеп шаардык жалпы Билим берүүчү мектептер аралык  конкурска коюлуп  биринчи оорунга ээ болду. Мектептин жалпы коллективи методикалык-практикалык жактан биргелешип иштеп, жемиштүү жыйынтык бере алды.

23-сентябрь "Мамлекеттик тил" күнүнө карата мектепте класстык сааттар өткөрүлдү. Мамлекеттик тил боюнча жыйын уюштурулду. Мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алынгандыгы, жана кыргыз тилинин тарыхы боюнча атайын сабактар даярдалып, өтүлдү. Мамлекеттин тилин өнүктүрүп, тил саясатын метеп ичинде жайылтуу максатында атайын дубал-гезиттери илинип, окуучуларга кыргыздын үрп-адат, каада-салттары, кыргыз улутуна тиешелүү өзгөчөлүктөрүн басым коюп иш жүргүзүлүп жатат.

Жалпысынан мектеп ичинде малекеттик тил боюнча кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинде 17 мугалим эмгектенип жатат.  Баардык мугалимдер жогорку педагогикалык  билимдери бар. Билим берүүнүн отличниги 3 мугалим. 6 жылдан 35-40 жылга чейинки эмгек стажысы бар мугалимдер. Экөө ардактуу эс алуудагы мугалим. Мамлекеттик тилибизди өнүктүрүүдө ар бир мугалим өзүнүн жөндөмүнө жараша окуучулар менен кызыктуу сабактарды өтүшөт. Атайын тандап алган темалары да бар. Ошонун үстүндө иш алып барышат. Кыргыз тилин жана кыргыздын үрп-адатын, каада-салтын жайылтуу максатында да пландан сырткары ар кандай иш-чараларга активдүү катышып, окуучулардын талантынын ачылышына, өсүшүнө салым кошуп райондук, шаардык конкурстарга катышуу, окуучулардын интелектуалдык деңгээлин көтөрүү максатка айланган.

Мектепте үзүрлүү эмгектенгендиги, коомдук иштерге активдүү катышкандыгы, көп жылдан бери ушул мектепте иштеп келе жаткандыгы үчүн Тагаева Ж.Ж., Бейшеналиева Р.Т.Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасына, Касымбекова Б.Б.,  Өмүралиева Ж.Т. Осмоналиева А.А. Бишкек шаарынын Билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасына, Таштакеева Н.К. №42 жалпы орто Билим берүү мектебинин Ардак грамотасына көрсөтүлдү.











Мектепте ар бир ай сайын кыргыз тилин өнүктүрүү боюнча ар кандай йш-чаралар өтүп турат. Сентябрь айында “Мамлекеттик тил” күнү өтөт. Ноябрь айында кыргыз тили жанан адабияты усулдук бирикмесинин атайын жумалыгы болот. 12-Декабрь айы улуу жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнү жана адабият күнү. Поэзия дүйнөсүндө да А.Осмоновдун дүйнө салган күнү болгондуктан эскерүүлөр болот. Кылым карыткан, тарых барактарынын бирден бир негизи болгон  Улуу Манас эпосу 4-декабрь “МАНАС” күнү деп эсептелинет. Ушундай адабият чөйрөсүндө  мындай чоң даталарды  кайдыгер кароого мүмкун эмес.

Акын жазуучулардын чыгармалары жөнүндө жана  өмүр жолуна байланышкан бурч уюштурулуп, класстык сааттар, ачык сабактар өткөрүлүп турат. Быйыл Ноябрь айында декада өткөрүлүп, кыргыздын каада-салттары, акын жазуучулары, улуттук тамак аштар жөнүндө кеңири маалымат окуучуларга айтылды














Декабрь айында  4-декабрь “Манас күнү” боюнча 1-4-класстар арасында Манас боюнча сүрөт көргөзмөсү уюштурулуп, эң мыкты тартылгшан сүрөткө, 1,2,3-орун алган окуучуларга грамота берилди.




Сүрөт көргөзмөсү









Манас таануу  боюнча сүрөттөр

Манастын үчилтиги боюнча окуучулар кызыгуу менен абдан жакшы даярданышты. Манас, Семетей, Сейтек боюнча талаш-тартыш менен суроо-жоопторду беришти. Даярдаган мугалимдер Алияскарова Б.К., Бектемирова Н.А., Ниязалиева Э.Ш.

Ошондой эле 21-февраль “Эл аралык энетил күнү” боюнча райондук, шаардык “Тил-достуктун ачкычы” долбоор сынагына катышып  шаардан 3-орунга ээ болдук.











Метепте жалпы 3467 окуучу окуйт. Анын ичинен 1985 окуучу окутуу орус тилинде, ал эми 1482 окуучу окутуу кыргыз тилинде окутулган класстарда окушат.

Мам.тил боюнча директордун орун басары: Ж.Т.Өмүралиева